

# Дүйнөнүн жаралышы






БАШТАЛЫШ 1:1-2


ОШОНДО КУДАЙ: «ЖАРЫК БОЛСУН!» – ДЕДИ. ЖАРЫК ПАЙДА БОЛДУ.
КУДАЙ ЖАРЫКТЫН ЖАКШЫ ЭКЕНИН КӨРҮП, ЖАРЫКТЫ КАРАҢГЫДАН АЖЫРАТТЫ.
КУДАЙ ЖАРЫКТЫ «КҮН», КАРАҢГЫНЫ «ТҮН» ДЕП АТАДЫ. КЕЧ КИРИП, ТАҢ АТТЫ: БИРИНЧИ КҮН ӨТТҮ.
АНАН КУДАЙ: «СУУЛАРДЫН ОРТОСУНДА АБА МЕЙКИНДИГИ БОЛСУН, АЛ СУУНУ СУУДАН БӨЛҮП ТУРСУН», – ДЕДИ.
ОШЕНТИП, КУДАЙ АБА МЕЙКИНДИГИН ЖАРАТЫП, АБА МЕЙКИНДИГИНИН АСТЫНДАГЫ СУУНУ АБА МЕЙКИНДИГИНИН ҮСТҮНДӨГҮ СУУДАН БӨЛҮП КОЙДУ. ТАК ОШОНДОЙ БОЛДУ. КУДАЙ АБА МЕЙКИНДИГИН «АСМАН» ДЕП АТАДЫ.


КЕЧ КИРИП, ТАҢ АТТЫ:
ЭКИНЧИ КҮН ӨТТҮ.
БАШТАЛЫШ 1:3-8


АНАН КУДАЙ: «АСМАН АСТЫНДАГЫ СУУЛАР БИР ЖЕРГЕ ЧОГУЛСУН, КУРГАКТЫК ПАЙДА БОЛСУН», – ДЕДИ.
ТАК ОШОНДОЙ БОЛДУ. КУДАЙ КУРГАКТЫКТЫ «ЖЕР» ДЕП АТАДЫ, АЛ ЭМИ ЧОГУЛГАН СУУЛАРДЫ «ДЕҢИЗ» ДЕП АТАДЫ.
КУДАЙ МУНУН ЖАКШЫ ЭКЕНИН КӨРДҮ.
АНАН КУДАЙ: «ЖЕР ӨСҮМДҮКТӨРДҮ, УРУК ЧАЧКАН ТҮРДҮҮ ЧӨПТӨРДҮ, УРУГУ ЖЕР ҮСТҮНДӨ ӨЗ ТҮРҮ БОЮНЧА ЖЕМИШ БЕРГЕН МӨМӨЛҮҮ ДАРАКТАРДЫ ӨСТҮРҮП ЧЫГАРСЫН», – ДЕДИ. ТАК ОШОНДОЙ БОЛДУ.




Башталыш 1:9-13


ЖАРАТУУНУН ТӨРТҮНЧҮ КҮНҮ КУДАЙ КҮНДҮ, АЙДЫ, ЖАЙНАГАН ЖЫЛДЫЗДАРДЫ – БҮТКҮЛ ААЛАМДЫ ЖАРАТТЫ.
АНАН КУДАЙ: «КҮНДҮ ТҮНДӨН АЖЫРАТУУ ҮЧҮН, МЕЗГИЛДЕРДИ, КҮНДӨРДҮ, ЖЫЛДАРДЫ БЕЛГИЛӨӨ ҮЧҮН, АСМАН МЕЙКИНДИГИНДЕ ЧЫРАКТАР БОЛСУН. АЛАР ЖЕРГЕ ЖАРЫК БЕРИП ТУРУШУ ҮЧҮН, АСМАН МЕЙКИНДИГИНДЕ ЧЫРАК БОЛУШСУН», – ДЕДИ.
ТАК ОШОНДОЙ БОЛДУ. ОШЕНТИП, КУДАЙ ЭКИ ЧОҢ ЧЫРАКТЫ: КҮНДҮ БАШКАРУУ ҮЧҮН ЧОҢУРААК ЧЫРАКТЫ, ТҮНДҮ БАШКАРУУ ҮЧҮН КИЧИРЭЭК ЧЫРАКТЫ ЖАНА ЖЫЛДЫЗДАРДЫ ЖАРАТТЫ.




БАШТАЛЫШ 1:14-19



БЕШИНЧИ КҮНҮ ТЕҢИР ДЕҢИЗ, МУХИТТЕРДИ СУУ ЖАНДЫКТАРЫНА ТОЛТУРДУ.
АНАН КУДАЙ: «СУУ ТИРҮҮ ЖАНДЫКТАРГА ТОЛСУН. ЖЕР ҮСТҮНДӨ, АСМАН МЕЙКИНДИГИНДЕ КАНАТТУУЛАР УЧСУН», – ДЕДИ.
ОШЕНТИП, КУДАЙ СУУДАГЫ КӨП САНДАГАН ЧОҢ БАЛЫКТАРДЫ ЖАНА СОЙЛОП ЖҮРҮҮЧҮ АР ТҮРДҮҮ ЖАНДЫКТАРДЫ, АР КАНДАЙ КАНАТТУУЛАРДЫ ТҮР-ТҮРҮ МЕНЕН ЖАРАТТЫ.


КУДАЙ МУНУН ЖАКШЫ ЭКЕНИН КӨРДҮ.
АНАН КУДАЙ АЛАРГА МЫНДАЙ ДЕП БАТАСЫН БЕРДИ: «ТУКУМДАП КӨБӨЙГҮЛӨ, ДЕҢИЗ СУУЛАРЫН ТОЛТУРГУЛА, КАНАТТУУЛАР ДА ЖЕРДЕ КӨБӨЙҮШСҮН».
КЕЧ КИРИП, ТАҢ АТТЫ: БЕШИНЧИ КҮН ӨТТҮ.
БАШТАЛЫШ1:20-23



ЖАРАТУУНУН АЛТЫНЧЫ КҮНҮНДӨ ТЕҢИР ЖЕРДИ ЖАН-ЖАНЫБАРЛАР МЕНЕН ТОЛТУРДУ.
АНАН КУДАЙ: «ЖЕР ТИРҮҮ ЖАНДЫКТАРДЫ: МАЛДАРДЫ, СОЙЛОП ЖҮРҮҮЧҮ ЖАНЫБАРЛАРДЫ, ЖЕР ЖАНЫБАРЛАРЫН ТҮР-ТҮРҮ МЕНЕН ЧЫГАРСЫН», – ДЕДИ.


ТАК ОШОНДОЙ БОЛДУ.
ОШЕНТИП, КУДАЙ ЖЕР ЖАНЫБАРЛАРЫН ТҮР-ТҮРҮ МЕНЕН, МАЛДАРДЫ ТҮР-ТҮРҮ МЕНЕН, СОЙЛОП ЖҮРҮҮЧҮ ЖАНЫБАРЛАРДЫ ТҮР-ТҮРҮ МЕНЕН ЖАРАТТЫ.
КУДАЙ МУНУН ЖАКШЫ ЭКЕНИН КӨРДҮ.
БАШТАЛЫШ 1:24-25


АЛТЫНЧЫ КҮНҮ КУДАЙ-ТЕҢИР ЖЕРДИН ТОПУРАГЫНАН ЖАҢЫ ЖАНДЫК ЖАРАТТЫ.
КУДАЙ-ТЕҢИР ТОПУРАКТАН АДАМ ЖАРАТЫП, АНЫН ЖҮЗҮНӨ ӨМҮР ДЕМИН ҮЙЛӨДҮ, ОШОНДО АЛ ТИРҮҮ ЖАН БОЛУП КАЛДЫ. ТЕҢИР АНЫ ӨЗ БЕЙНЕСИНЕ ОКШОШТУРУП ЖАРАТЫП, БАШКА ЖАНДЫКТАРДАН ЖОГОРУ КОЙДУ.
ТЕҢИР БУЛ ЖАНДЫКТЫ АДАМ ДЕП АТАП, АГА “АДАМ” ДЕГЕН АТЫЙГАРДЫ.
КУДАЙ ӨЗҮ ЭМНЕНИ ЖАРАТСА, ОШОНУН БАРДЫГЫ АБДАН ЖАКШЫ ЭКЕНИН КӨРДҮ.





БАШТАЛЫШ 2:4-15



ЭЙДЕН БАГЫНЫН ТАК ОРТОСУНДА ҮЧ ДАРАК БАР ЭЛЕ. БИРИНЧИСИ ӨМҮР ДАРАГЫ БОЛУП, ТҮБӨЛҮК ӨМҮРДҮ ТАРТУУЛАЧУ. ЭКИНЧИ ДАРАК ЖАКШЫЛЫК МЕНЕН ЖАМАНДЫКТЫ ТААНЫТЫП БИЛДИРЕ ТУРГАН.
АНАН КУДАЙ-ТЕҢИР АДАМГА БАКТАГЫ АР КАНДАЙ ДАРАКТЫН ЖЕМИШИНЕН ЖЕСЕ БОЛОРУН АЙТЫП, БИРОК КАТУУ БИР ЭСКЕРТҮҮ БЕРДИ.



БАШТАЛЫШ 2:9, 16-17





БАШТАЛЫШ 2:19-20




БАШТАЛЫШ 2:18-24




БАШТАЛЫШ 2:22-25




БАШТАЛЫШ 3:1-2


ОШОНДО ШАЙТАН ОБОНУ КУУЛУК МЕНЕН АЗГЫРЫП, АЛДАДЫ. АЛ ОБОНУН ЖҮРӨГҮНДӨ ЖАРАТКАН КУДАЙДЫН ЖАКШЫЛЫГЫ ЖАНА МҮНӨЗҮ БОЮНЧА ШЕКТЕНҮҮ ЖАРАТТЫ.
ЖОК, ӨЛБӨЙСҮҢӨР.
БИРОК КУДАЙ СИЛЕРДИН АНЫН ЖЕМИШИНЕН ЖЕГЕН КҮНҮ КӨЗҮҢӨР АЧЫЛЫП, ЖАКШЫЛЫК МЕНЕН ЖАМАНДЫКТЫ БИЛГЕН КУДАЙДАЙ БОЛУП КАЛАРЫҢАРДЫ БИЛЕТ.
ДАРАКТЫН ЖЕМИШИ ЖЕГЕНГЕ ЖАКШЫ, КӨЗГӨ СҮЙКҮМ КӨРҮНДҮ.
АНЫН ҮСТҮНӨ, БУЛ МАГА БИЛИМ БЕРЕТ...
КӨРДҮҢБҮ, МЕН ӨЛГӨН ЖОКМУН. СЕН ДА АЛЫП ЖЕСЕҢ, БИЛИМДҮҮ БОЛУП КАЛАСЫҢ.


МЕН ЭМНЕ КЫЛЫП САЛДЫМ?!
ЖОК!
КУДАЙДЫН АЙТКАНЫН КЫЛБАЙ КОЮШКАНДАРЫ ҮЧҮН АДАМ МЕНЕН ОБО БИРИНЧИ ЖОЛУ УЯТ ЭМНЕ ЭКЕНИН БИЛИШТИ.
МЕН БУГА ЧЕЙИН ӨЗҮМДҮ МЫНДАЙ СЕЗИП КӨРГӨН ЭМЕСМИН.
МЕН ӨЗҮМДҮ ЫПЛАС СЕЗИП, УЯЛЫП ЖАТАМ.
АЛАР ӨЗДӨРҮНҮН ЖЫЛАҢАЧ ЭКЕНИН БИЛИШТИ ДА, АНЖЫР ЖАЛБЫРАКТАРЫН БИРИКТИРИП ТИГИП, ӨЗДӨРҮНӨ АЛЖАПКЫЧ ЖАСАП АЛЫШТЫ.
КҮН САЛКЫН БОЛУП ТУРГАНДА, БАКТЫН ИЧИНДЕ ЖҮРГӨН КУДАЙ-ТЕҢИРДИН ҮНҮН УГУП, АДАМ МЕНЕН АЯЛЫ КУДАЙ-ТЕҢИРДИН ЖҮЗҮНӨН КАЧЫП, БАКТАГЫ ДАРАКТАРДЫН АРАСЫНА ЖАШЫНЫП КАЛЫШТЫ.




БАШТАЛЫШ 3:8-15










БАШТАЛЫШ 3:16-22



ОШЕНТИП, КУДАЙ-ТЕҢИР АНЫ ӨЗҮ ЖАРАТЫЛГАН ТОПУРАКТЫ ИШТЕТСИН ДЕП, ЭЙДЕН БАГЫНАН КУУП ЧЫКТЫ.
АНТКЕНИ, АДАМДАРДЫН КҮНӨӨКӨР ТАБИЯТЫ МЕНЕН ТҮБӨЛҮККӨ ЖАШАП КАЛЫШЫН КУДАЙ КААЛАГАН ЭМЕС.
АДАМДЫ КУУП ЧЫККАНДАН КИЙИН, ЧЫГЫШТАГЫ ЭЙДЕН БАГЫНЫН ЖАНЫНА ӨМҮР ДАРАГЫНА БАРУУЧУ ЖОЛДУ КАЙТАРУУ ҮЧҮН, КЕРУПТУ ЖАНА АЙЛАНЫП ТУРГАН ОТТУУ КЫЛЫЧТЫ КОЮП КОЙДУ.




БАШТАЛЫШ 3:23-24


БАКТАН АЛЫС, АДАМ МЕНЕН ОБОНУН ЖАҢЫ ҮЙҮНДӨ АЛАР КАБЫЛ АТТУУ УУЛДУУ БОЛУШТУ.


АНДАН КИЙИН КАБЫЛДЫН БИР ТУУГАНЫ АБЫЛ ТӨРӨЛДҮ.


КУДАЙДЫН АЛГАЧКЫ ЖАРАТКАН АДАМДАРЫ АДАМ МЕНЕН ОБО ГЕНЕТИКАЛЫК ЖАКТАН ЖЕТКИЛЕҢ ЖАРАТЫЛГАНДЫКТАН, ЖҮЗДӨГӨН ЖЫЛДАРЧА ЖАШАШКАН.
БАШЫНДА ЖАКЫН ТУУГАНДАР, ҮЙ-БҮЛӨ МҮЧӨЛӨРҮ БИРИ-БИРИНЕ ҮЙЛӨНҮШКӨНДӨ ГЕНЕТИКАЛЫК ЖАКТАН МҮЧҮЛҮШТҮКТӨР ЖОК ЭЛЕ.
(КИЙИНЧЕРЭЭК КУДАЙ-ТЕҢИР МУСА АРКЫЛУУ ЖАКЫН ТУУГАНДАРДЫН БАШ КОШУУСУНА ТЫЮУ САЛГАН.)
ОШОНДОЙ ЭЛЕ, КУДАЙ-ТЕҢИР ЖЕР БЕТИНЕ ЖАМГЫР ЖААДЫРГАН ЭМЕС. БИРОК ЖЕРДЕН БУУ КӨТӨРҮЛҮП, БҮТ ЖЕР БЕТИН СУГАРЫП ТУРГАН. КҮНДҮН УЛЬТРАКЫЗГЫЛТ-КӨК НУРЛАРЫНАН ЖЕР САКТАЛЫП, АЙЛАНА-ЧӨЙРӨ ТАЗА ЭЛЕ.
АДАМ ӨМҮРҮ ЖҮЗДӨГӨН ЖЫЛДАРГА СОЗУЛГАНДЫКТАН ЖЕР БЕТИ ТЕЗДИК МЕНЕН АДАМДАРГА ТОЛО БАШТАДЫ.


КАБЫЛ МЕНЕН АБЫЛ ЭС ТАРТКАН СОҢ, КАБЫЛ ДЫЙКАН БОЛДУ.
АДАМДЫН КИЧҮҮ УУЛУ АБЫЛ БОЛСО КОЙЧУ БОЛДУ.
ТЕҢИР АДАМДЫН УУЛДАРЫ ЖАНА АНЫН ҮЙ-БҮЛӨСҮНӨ КУДАЙГА КУРМАНДЫК АЛЫП КЕЛҮҮ ЖАНА КҮНӨӨНҮН ОЛУТТУУ ЭКЕНИН КӨРСӨТКҮСҮ КЕЛДИ.
ДЫЙКАН ЖАНА КОЙЧУ, ЭКӨӨ ТЕҢ АРДАКТУУ КЕСИП БОЛГОНУ МЕНЕН, ЭКИ БИР ТУУГАНДЫН КУДАЙГА АЛЫП КЕЛГЕН ТАРТУУЛАРЫ БИРИ-БИРИНЕН АЙЫРМАЛАНЫП ТУРДУ.
АБЫЛ КОЙЛОРУНУН ТӨЛ БАШЫЛАРЫНАН ЖАНА АЛАРДЫН МАЙЛАРЫНАН АЛЫП КЕЛДИ. АЛ ТЕҢИРГЕ ЭҢ ЖАКШЫСЫН ТАРТУУЛАГЫСЫ КЕЛДИ.
КУДАЙ АНЫН ЖҮРӨГҮН КӨРҮП, ТЕҢИР АБЫЛГА ЖАНА АНЫН ТАРТУУСУНА НАЗАРЫН САЛДЫ.
КАБЫЛ БОЛСО, ӨЗҮ КААЛАГАНДАЙ ТУШ КЕЛДИ ЖЕР ЖЕМИШТЕРИНЕН ТЕҢИРГЕ ТАРТУУ АЛЫП КЕЛДИ.
КУДАЙ КАБЫЛГА ЖАНА АНЫН ТАРТУУСУНА НАЗАРЫН САЛГАН ЖОК. ОШОНДО КАБЫЛДЫН АЯБАЙ АЧУУСУ КЕЛИП, ӨҢҮ КУМСАРЫП КЕТТИ.



ЭМНЕГЕ АЧУУЛАНДЫҢ?
ЭМНЕГЕ ӨҢҮҢ КУМСАРЫП КЕТТИ?
ЭГЕРДЕ ЖАКШЫ ИШ КЫЛСАҢ, АНДА БАШЫҢДЫ ЖЕРГЕ САЛБАЙТ ЭЛЕҢ ДА.
ЭГЕРДЕ ЖАКШЫ ИШ КЫЛБАСАҢ, АНДА БОСОГОҢДО КҮНӨӨ ЖАТАТ.
АЛ СЕНИ ӨЗҮНӨ ТАРТЫП ЖАТАТ, БИРОК СЕН АГА ҮСТӨМДҮК КЫЛ.
БИРОК, КАБЫЛ КУДАЙДЫН СӨЗҮНӨ КУЛАК САЛГЫСЫ КЕЛБЕДИ.
БИР ТУУГАНЫМ, КУДАЙ МАГА КАНДАЙ МОЛ ТҮШҮМ МЕНЕН БАТАЛАГАНЫН КӨРҮП КЕТ.
БИРОК, БАЙКЕ, БУЛ...
KRAK




БАШТАЛЫШ 4:9-16




БАШТАЛЫШ 4:17-22; 5:24




БАШТАЛЫШ 4:25-6:1


БИРОК АДАМДАРДЫН ЖҮРӨГҮ КАТУУ БУЗУЛУП, ЖЕР БЕТИ ЖАМАН ИШТЕРГЕ ТОЛУП КЕТТИ.
ТЕМИРДЕН ЖАСАЛГАН АСПАПТАРДАН КУРАЛ ЖАСАП, БИРИ-БИРИН ӨЛТҮРҮП БАШТАШТЫ.
АР БИР ОЙЛОГОН ОЙ ЫПЛАС БОЛУП, КЕМЧИЛИКСИЗ АДАМ ТАБЫЛБАЙ КАЛДЫ.
АДАМ АДАМДЫ КУЛ КЫЛЫП КЫЙНАДЫ.
АДАМ БИР КҮНӨӨ КЕТИРСЕ, АЛ КЫЛГАН КҮНӨӨ ТОЛТУРА КҮНӨӨЛӨРДҮ ЖАСАДЫ.
ОШОНДО ТЕҢИР ЖЕР БЕТИНЕ АДАМДЫ ЖАРАТКАНЫНА ӨКҮНҮП, ӨЗ ИЧИНЕН ӨТӨ КАЙГЫРДЫ.
КЕМЧИЛИКСИЗ ЖАНА ЫЙЫК КУДАЙ АДАМДАРДЫН ЖҮРӨГҮНДӨГҮ КААЛООЛОРУ АР УБАКТА ЖАМАНДЫК ЭКЕНИН КӨРДҮ.
АЛ ӨЗҮ ЖАРАТКАН АДАМДАРДЫ ЖЕР БЕТИНЕН АДАМДАН ТАРТЫП МАЛГА ЧЕЙИН: ЖЕР ҮСТҮНДӨ СОЙЛОП ЖҮРҮҮЧҮ ЖАНЫБАРЛАРДЫ, АСМАН КАНАТТУУЛАРЫН ЖОК КЫЛУУНУ ЧЕЧТИ.
… БИРОК БИР АДАМТЕҢИРДИН АЛДЫНДА ЫРАЙЫМ ТАПТЫ.